**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

***Ж. ТУРУСБЕКОВ АТЫНДАГЫ №33 ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ***

# География предмети боюнча класстан тышкаркы иштер боюнча маалыматы




**Пусурова Гульнара Капарбековна**

Жалал-Абад областтык экология, аймак таануу жана техникалык чыгармачыл балдар борборунун директору С. Жаркулов менен биргеликте Базар-Коргон районуна караштуу Талдуу-Булак айыл аймагындагы Жусуп Турусбеков атындагы №33 жалпы билим берүүчү орто мектебинин директору Абдумалик Мурзакулов тарабынан "Жаш экогеограф" ийрими уюшулду. Мектеп тарабынан класстык бөлмө бөлүнүп берилди. Ийримдин негизги максаты болуп балдарга жеткиликтүү айлана-чөйрө жөнүндөгү билимди анын адам үчүн кандай мааниси бар экендигин үйрөтүү: Жаратылышты сүйүүгө, коргоого тарбиялоо. Окутуу тарбиялоо багытындагы ойлоп табуучулук, изденүүчүлүк билимин жана чыгармачылыгын өркүндөтүү.

Администрация тарабынан 2021-2022-окуу жылына карата жылдык иш планды жана календардык планды, жадыбалды бекиттирдим.

Ийримдин максаты окуучуларды жаратылыш менен таттуу мамиледе болууга тарбиялоо менен бирге окуучуларды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка, тактыкка, изденүүчүлүккө үндөө болуп саналат.

Биргелешип иштөөгө, бири-бири менен ынтымакта болуп достукка тарбиялоо.

Балдарды жаш өзгөчөлүгүнө карап 2 тайпа түзүп алдым.

1-тайпада 12 окуучу алардын 3 окуучу уул балдар, 9 окуучу кыздар. Жумасына 6 саат.

2-тайпада 12 окуучу алардын 7 окуучу уул балдар, 5 окуучу кыздар. Жумасына 6 саат.

Бекитилген календардык пландын негизинде жумасына 12 саат менен жадыбал түзүп, сабак өтө баштадым. Биздин мектепте окуу кезмети бир кезмет болгондуктан 2-кезметке регламент түздүм.

Ар бир сабакка күндөлүк план түзүп, ошол план боюнча иштеп баштадым.

15-сентябрь күнү ийрим окуучулары жана жетекчилер тарабынан "Ачык эшиктер күнү" деп белгилеп ийримдин максаты жана пландары менен техника жана жол коопсуздук эрежелери менен тааныштырдым.

16-сентябрь "Озон катмарын сактайлы" деген темада тарбиялык саат өтүп, дил баяндар жаздырылып, каалоочулар сүрөттөрдү тартышты.

20-сентябрда 1-тайпанын окуучуларына **"Кыргыз Республикасынын Символикалары**" деген темада сабак өтүлдү. Окуучулар символикалардын мааниси жана чечмелениши жөнүндө маалымат алышты.

21-сентябрда "**Биздин Ата мекен"** деген темада сабак өттүм. Сабактын жыйынтыгында балдар мекенибиздин рельефи, кен байлыктары, област, райондору менен таанышышты.

Класстык бурч уюштурулуп, ар бир тайпанын окуучулары жөнүндө маалыматты илип, тайпанын активистерин белгилеп алдык.

23-**сентярь "Кыргыз тили- улуу тил"** аттуу тегерек стол уюштурдук. Бул кечеде ырга жакын окуучулар өздөрүнүн таланттарын көргөзүштү. Кыргызстан жөнүндөгү ырларды ырдашты.

23-сентябрь күнү 2-тайпанын окуучуларын **"Биздин Ата-Мекен"** деген темада сабак өтүп, ар кандай Ата-Мекендик сезимди ойготкон обондуу ырларды ырдап, мекенди коргоого жана сактоого тарбияланышты.

27 -сентябрь күнү **"Биз жашаган аймак"** деген темада сабак өтүлүп, балдар өзүнүн туулуп өскөн жери жөнүндө маалымат алып, өзү жашаган аймак жөнүндө айтып беришти. Сүрөттөрдү тартышты.

28-сентябрь күнү **"Кыргызстандын дүйнө жүзүндө алган орду"** деген темада сабак өтүлдү. Бул сабакта балдар Кыргызстандын картасы менен таанышып, тоолу өлкөбүздүн кооздугун чагылдырган видео ролик менен таанышышты.

06-октябрь **"Борбордук Азиядагы жаныбарларды коргоо"** күнүнө карата сабак аркылуу видео ролик менен таанышышты. Сабакта балдар суроо-жооп талкууларды жүргүзүштү.

07-октябрь күнү 1-тайпанын окуучуларына **"Кыргызстан суусу мол өлкө"** деген темада сабак өтүлүп, сабакка окуучулар активдүү катышышты .

18-октябрь күнү 2-тайпанын окуучуларына **"Жер бетинин карталарда сүрөттөлүшү"** деген темада сабак өттүм. Сабакка балдар кызыгуу менен катышып, түшүнбөгөн суроолорун беришти. . Жыйынтыгында картанын бөлүнүшү, масштабы, шарттуу белгилер жөнүндө түшүнүк алышты.

21-октябрь 1-тайпанын окуучуларына **"Мөңгүлөрдүн эл чарбасындагы мааниси"** деген темада сабак өтүлдү. Балдар сабакта мөңгүлөрдүн жашоодогу мааниси жөнүндө түшүнүк алышты. Мөңгүнү жанынан көргөн окуучулар айтып беришти.

19-октябрь **"Алтын күз"** түшүм майрамын белгиледик. Майрамда эки тайпанын окуучулары күзгү көрүнүштү чагылдырган сүрөттөрдү тартып, ар түрдүү мөмө-жемиштерден ар кандай буюмдарды жасап, 2 тайпанын окуучулары жарышышты.

15-ноябрь күнү "**Калдыктарды кайрадан иштеп чыгуу"** деген сабак уюштурулуп. Балдар ар кандай таштандылардан керектүү буюмдарды жасашты. Жыйынтыгында 1-тайпанын окуучусу Чоёнбекова Бегимай громата менен сыйланды.

2-декабрь күнү "**Музей үчүн жасалган буюмдар"** сынагын жарыладык. Сынакта кыздар Кыргызстандын картасын шуру-мончок, назиктерден, саймалардан жасашты. Уул балдар Кыргызстандын картасын жасашып сынакка катыштык.



6-декабрь *“Биз канаттуубуз”* –кыштоочу канаттууларга жем салгыч сынагын өткөрдүк. Сынакта балдар ар кандай буюмдардан жем салгычтарды жасашты. Жыйынтыгында Самсалиев Кубаныч 1-орунду ээлеп громата менен сыйланды.

9-декабрь **“Курчап турган айлананын тазалыгын коргоо”** күнүн белгиледик. Бул иш-чаранын негизинде айланадагы таштандыларды тазалап, мектептин бакчасын таштандыдан арылтык. Андан соң тегерек стол уюштурулуп таштандыдан кантип арылууга болот же таштандыны кыскартуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүздүк.



13-декабрь күнү **“Биздин токой”** деген темада 1-тайпанын окуучуларына сабак өттүм. Окуучулар толук катышты. Сабакка кызыгуу менен карашып, токойлор жөнүндө түшүнүк алышты. Токойлорду коргоо боюнча оз ойлорун айтышты.

14-декабрь күнү “2-тайпанын окуучуларына **“Кыргызстандын рельефи”** деген темада сабак өттүм. Сабакта окуучулар карта менен иштеп, Кыргызстандын чек арасын көрсөтүп, чектешкен мамилекеттерди көрсөтүштү. Карта менен иштөөгө кызыгып көрсөтүп жатышты.

24-декабрь күнү Жалал-Абад шаарынан Барпы театрына администрация тарабынан уюштурулган балаты майрамына биздин окуучулар да барып катышышты.

Майрамдык кечеге 1-тайпанын окуучулары катышып, ёлканын алдына сүрөттөргө түшүп, “Желмогуздун баяны” аттуу театралдаштырылган көргөзмөгө катышышты. Аяз атадан ар кандай белектерди алып балдар көңүлдүү кайтышты.



30-декабрь күнү **“Кыргызстандын токойлору”** деген темада сабак өтүлдү.

Кыргызстанда кандай токойдун түрлөрү бар экенин атап өттүк. Окуучулар жуптар менен иштеп, ар бир жуп мисте, жаңгак, бадал өсүмдуктөрү, ж.б. тууралуу маалымат берип өтүштү.

31-декабрдан баштап окуучулар кышкы эс алууга чыгышты.

5-январдан баштап кайрадан сабак башталды. Окуучулар сабакка активдүү катышып жатышты.

6-январь күнү 1-тайпага “**Бишкек Кыргызстандын борбору”** деген темада сабак өтүлдү. Окуучулар Бишкектин аянты, калкы, географиялык абалы жөнүндө маалымат алышты.

5-январь **“Жомокторго саякат”** аттуу сүрөт сынагы болуп өттү. Сынакка эки айпанын окуучулары катышып, сүрөттөрүн тартышты. Жыйынтыгында 1-айпанын ийрим окуучусу Сартбаева Асема 2-орунду алып  Ардак Громата менен сыйланды.



___-январь күнү **“Сулуулук жана кооздук дүйнө сакчысы”** деген темада саймалар жана кол өнөрчүлүк сынагы болуп өттү. Окуучулар өз колунан келген саймаларын сайышып, колунан келген эмгектерин жасашты.

___-февраль күнү **“Илим, техника жана өндүрүш”** жумалыгын негизинде сынакка “Жаш экогеограф” ийриминин окуучулары да катышып, жыйынтыгында Самсалиев Кубаныч ардак громата менен сыйланды.



5-март **“Ак калпак”** күнүнө карата биздин ийримдин окуучулары белгиледик. Балдар өздөрүнүн ак калпактарын кийишип сабакка келишти. Ошондой эле “Ак калпак” күнүнө карата тарбиялык саат өтүп, калпактын келип чыгуу тарыхы менен

5-март **“Ак калпак”** күнүнө карата биздин ийримдин окуучулары белгиледик. Балдар өздөрүнүн ак калпактарын кийишип сабакка келишти. Ошондой эле “Ак калпак” күнүнө карата тарбиялык саат өтүп, калпактын келип чыгуу тарыхы менен тааныштырдым. Калпактын пайдалуу жактары жөнүндө окуучулар түшүнүк алышты.



8-март аялдардын эл аралык майрамына карата окуучулар менен бирге белгиледик. Кыздарды майрамы менен куттуктап каалоо тилектер айтылды.



Март айындагы “Аймак таануу” багытындагы 10 күндүк декадасын белгилөө макстында 22-март күнү “Жер таануу” ийриминин мугалими Каримбаева Сайрагүл эжеке менен “Жаш экогеограф” ийриминин мугалими Пусурова Гүльнара “Бүткүл дүйнөлүк суу күнүн” белгилеп, “Суу өмүрдүн булагы” деген темада ачык сабак өттүк. Сабакка эки ийримдин окуучулары катышты. Сабактын максаты эки ийримдин окуучуларынын ынтыгымагын бекемдөө жана дүйнөдө таза суунун көлөмү азайышы, сунун мааниси, суунун курамында эмнелер бар экениндиги жөнүндө түшүнүк берүү. Окуучулар сабакка эң жакшы катышып, активдүүлүгүн көрсөтүштү.

Эки ийримдин окуучулары түзүлгөн программа аркылуу өздөрүнүн даярдыктарын көрсөтүшүп, Жыйынтыгында окуучулар таза сууну сарамжалдуу пайдаланып, сый мамиле жасоого тарбияланышты.





Ошол эле күнү “Жаш экогеограф” ийриминин окуучулары “Африка материгинин ири өлкөлөрү” деген темада ачык сабак өттү. Сабактын максаты Африканын ири өлкөлөрүнүн географиялык абалы, климаты, калкы, желеги жөнүндө кенен маалымат берүү. Окуучулар сабакка активдүү катышып, берилген тапшырмаларды рольдоштуруп аткарышты. Сабакка ЖАОЭАТ жана ТЧББнун директорунун орун басары Абдикаимова Аида эжеке, прфком Камалова Сюта эжекелер өзөрүнүн ой-пикирлерин айтышты.






__-апрель Канаттуулар күнүнө карата "Канаттуулар биздин досубуз" деген темада сүрөт сынагын уюштурдук. Окуучулар ар түрдүү канаттуулардын сүрөттөрүн тартышып, эң жакшы деп табылган сүрөттөрдү каридорго илип, тарткан окуучуларды окуу куралдары менен сыйладык.

7-апрель Ден соолук күнүнө карата "Ден соолук көркү-спорт"деген темада тегерек стол уюштурдук. Окуучулар ар кандай жугуштуу оорулар жөнүндө маалымат алышты. Оорудан сактануу жолдору менен таанышып, сабакка активдүү катышты.

8-апрель "Токой" күнүнө карата "Жаратылышты, токойду сактайлы" деген темада тарбиялык сабак өттүм. Жаратылыш биздин эң негизги байлыгыбыз, ошондуктан жаратылышты, токойду сакташыбыз керек экендигин окуучулар түшүнүштү. Ошондой эле "Токойду сактоо" деген темада дил баян сынагын жарыяладым. Окуучулар ар түрдүү идеяларды жазышып, токойду коргоо боюнча сүрөттөрдү тартышты. Эң жакшы пикир жазган окуучу жайкы мектеп лагерине жолдонмо алат.

22-апрель Жер күнүн белгилеп сүрөттөрдү тартышты. Эң жакшы тартылган сүрөттөр дубал газетага илинди.

"1-май Эмгекчилердин күнү" деген темада тарбиялык саат өттүм. Слайд сабак м.н таанышып, түшүнүк алышты.

5-май Кыргыз Республикасынын Конституциясы күнүн белгиледик. Конистутция күнү жөнүндө кенен маалымат алышты.

9-май күнү Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата "Аталардын эрдиктерин даңктайбыз" деген темада сабак өттүм Сабактын жыйынтыгында окуучулар согуш жылдарын чагылдырган ырларды көркөм окушуп видеолорду тартышты.

27-май күн Тамекиден баш тартуу күнүнө "Тамеки чегүү ден соолукка зыян" деген темада тарбиялык саат өтүлдү. Сабактын жыйынтыгында окуучулар тамекинин зыян экенин түшүнүп, тамеки тартуу коркунуч алып келерин түшүнүштү.

31-май күнү 2021-2022-окуу жылынын акыркы окуу күнү болуп, окуучулар менен жалпы жыйынтыктоо сабактарын өттүк. Ошондой эле балдар арасында жыйынтыктоочу КВН сабагын өттүм. Окуучулар менен коштошуп, жайкы мезгилинде коопсуздук эрежелери жөнүндө түшүнүк берилип эскертилди.

Ирим жетекчиси: ____________ Пусурова Гульнара